«РСК Банк» ААКнын иш-аракеттеринин жыйынтыктары, өткөн жыл рыноктук позицияларды бекемдөө мезгили, баардык өзөктүү багыттар боюнча бизнестин көлөмдөрүн өстүрүү жана өткөн жылдарда топтолгон потенциалды андан ары өнүктүрүү болуп калгандыгын тастыктап турат.

2012-финансылык жыл «РСК Банк» ААК үчүн абдан ийгиликтүү жыл болду, белгиленген пландар иш жүзүнө ашырылды, андан аркы ишенимдүү жана туруктуу өсүү жолун түзүүдө оң натыйжаларды алууга жетиштик деп ишенимдүү түрдө айтып кетсек болот. «РСК Банк» ААК өзүнүн жүргүзгөн иш-аракеттеринде Акционердин, кардарлардын жана өнөктөштөрүнүн алдында маалыматтын ачыктыгынын жана таза финансылык принциптерге таянуу менен корпоративдик башкаруунун алдыңкы стандарттарын колдонууну улантат.

3000 АШЫК АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШЧҮЛӨРҮНӨ ЖАЛПЫ СУММАСЫ 350 000 000 СОМГО КОЛДОО КӨРСӨТҮЛДҮ

43 000 000 СОМГО ЖАКЫН СУММАДА ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН НАСЫЯЛАР БЕРИЛДИ

КЫЗМАТТАРДЫН 60ТАН АШЫК ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА АЛАЙ КАРД — МОМЕНТАЛДЫК ТӨЛӨМДӨР

2012-жылдын жыйынтыктары боюнча «РСК Банк» ААК андан ары дагы алдыга жылды жана өлкөнүн эң туруктуу банктык мекемелеринин биринин кадыр-баркын бекемдеди. Ишенимдин жана ишенимдүүлүктүн принциптерине таянуу менен 2012-жылы «РСК Банк» ААК андан ары өнүгүп барат жана «Фермерлерге жеңилдетилген насыялар - 2» долбоору боюнча айыл-чарба өндүрүшчүлөрүн жана 2010-жылдын июнь айында болуп өткөн каргашалуу окуяларда жапа чеккен ишкерлерди колдоого багытталган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кабыл алынган чечимдерди жана иш чараларды толук көлөмдө аткаруу керектигин көңүлгө алуу менен элге банктык кызматтардын кеңири тармагын көрсөтүү боюнча маселелерди, ошондой эле мамлекеттик маанидеги маселелерди да чечип келе жатат. Берилген насыяларга жараша, бүтүндөй республика боюнча кыска мөөнөттүн ичинде 3 миңден ашык айыл-чарба өндүрүшчүлөрүнө жалпы суммасы 350 млн. сомго колдоо көрсөтүлдү, жапа чеккен ишкердик субъекттерди мамлекеттик колдоо багыты боюнча 43,0 млн. сомго жакын суммада Банк тарабынан жеңилдетилген насыялар берилди.

КОШУЛГАН АКТИВДЕРИ 10,8 МЛРД. СОМ

ТАЗА КИРЕШЕ 233 МЛН. СОМ

2012-жыл «Алай Кард» төлөм карталар системасында кызматтарды масштабдуу өнүктүрүүдө - Кыргыз Республикасында менчик улуттук төлөм карталарынын 15-жылдыгы өзгөчө маанилүү жыл болуп калды. РСК Банктан «Алай Кард» жана «VISA» карталарынын ээлеринде 2012-жылы 60тан ашык кызматтардын түрлөрү боюнча көз ирмемдик тез төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүндүгү пайда болду. Ошондой эле, төлөм карталар системасын өнүктүрүү менен РСК Банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Бажы кызматы менен бирге, банкоматтар жана терминалдар аркылуу бажылык төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча долбоорун иштеп чыкты. Мындан тышкары, төлөм карталарын өнүктүрүүдөгү маанилүү багыт болуп, - «Алай Кард - Пенсиялык» социалдык маанилүү долбоорунун ишке киргизилиши болуп саналат. Бүтүндөй өлкө боюнча 13 миңге жакын пенсионерлер анын колдонуучулары болуп калышты, жана бул сан туруктуу өсүүдө. Ошондой эле өтүп кеткен жылдын дагы бир маанилүү окуясы болуп, China Union Pay системасынын төлөм карталарын тейлөө болуп саналат.

2012-жылы Банктын маанилүү жетишкендиктеринен болуп, кардарлардын каражаттарын ийгиликтүү тартуу болуп калды депозиттер толугу менен 7,4 млрд-дан ашык сомду түзөт. РСК Банкка жогорку ишеним көрсөтүү менен 301 миңден ашык адам Банктын кардарлары болуп саналышат, 129 миңден ашык кардарлар «Алай Кард» системасынын төлөм карталары жана 7 миңге жакын кардарлар - «VISA» системасынын эл аралык төлөм карталары менен колдонушат.

Өзүнүн кардарларына мындан да жакыныраак болуш үчүн Банк эквайринг торун кеңейтүү боюнча иштерди жүргүздү. 2012-жылдын ичинде эле Алай Кард жана Visa төлөм карталарын тейлөө үчүн 30га жакын банкоматтар жана 90дон ашык POS-терминалдар кошумча орнотулду. Бүгүнкү күндө бүтүндөй өлкө боюнча РСК Банктын 130га жакын банкоматтары жана 300 POS-терминалдары иштейт.

Банктык продукттарды жана кызматтарды жетилтүүгө, жаңы технологияларды ишке киргизүүгө, сервисти жакшыртууга чоң маани берүү менен аларга өзгөчө көңүл бөлүнөт. 2012-жылдын август айында «РСК Банк» ААК, соодалык каржылоо боюнча Азия Өнүгүү Банкы (ADB Trade Finance

КАРДАРЛАР 301 000 АШАТ

Program) менен эмитент-банктын Макулдашуусуна кол койду. Бул Макулдашуу, соодалык каржылоонун төмөнкүдөй продуктыларын: мисалы, банктык кепилдиктерди жана аккредитивдерди колдонууну алдын ала карайт. Ушул программага «РСК Банк» ААКнын катышуусу, биздин кардарлардын тышкы соода операцияларын жүргүзүү үчүн импортерлер, ошондой эле экспортерлор үчүн да, эл аралык бизнести жүргүзүүгө жетишүүдө жеңилдик алууга мүмкүндүк берет.

130ГА ЖАКЫН БАНКОМАТТАРЫ ЖАНА 300 POS-ТЕРМИНАЛДАРЫ ИШТЕЙТ

Финансылык натыйжалар тууралуу айтуу менен Банк өткөн жылы баардык финансылык көрсөткүчтөр боюнча өнүгүүнүн позитивдүү динамикасын көрсөткөндүгүн баса белгилеп кетүүгө болот. 2012-жылдын жыйынтыктары боюнча Банктын кошулган активдери 949 млн. сомго өсүү менен 10,8 млрд. сомду түздү, мамлекеттик баалуу кагаздар 2,7 млрд. сомду түздү, Банктын таза кирешеси 233 млн. сомду түздү.

2012-жылдын жыйынтыктары боюнча насыялык портфелдин өсүшү 825 млн. сомду түздү жана 4 млрд. сом көрсөткүчүнө жетти.

Негизги мамлекеттик мекемелердин (КРдин Борбордук Казыналыгы жана Социалдык Фонду) агент-банкынын милдеттерин жүргүзүү менен катар, банктык жоготууларды минималдаштырууга, тобокелдиктерди жөнгө салууга, кирешелүүлүк менен кирешелүүлүктүн көрсөткүчтөрүнүн жөндүү катышууларын, активдерди жана пассивдерди башкаруу процессинде ликвиддүүлүктү колдоого өзгөчө көңүл бөлдү.

Алдыдагы 2013-жылы РСК Банктын иш аракеттеринин өзөктүү багыттары болуп, юридикалык жана жеке жактарга банктык кызматтарды көрсөтүү, социалдык төлөп берүүлөр системасынын ишенимдүүлүгүн жана таза ачыктыгын камсыз кылуу үчүн мамлекеттик программаларды жана бюджеттик агымдарды тейлөөгө катышуу болуп саналат. Өзгөчө маанилүү күчтөр, кардарларды тейлөөнүн натыйжалуулугун жана сапатын жакшыртуу, жаңы банктык продукттарды ишке киргизүү жана пайыздык эмес кирешелердин үлүшүн жогорулатуу үчүн багытталат.

Бизнести ийгиликтүү жүргүзүүнүн көп жылдык тажрыйбасынан негизделүү менен 16 жылдан бери «РСК Банк» ААК жеке жана корпоративдик кардарлар үчүн, ошондой эле мамлекеттик мекемелер үчүн да ишенимдүү өнөктөшү болуп саналат. Таза кирешенин жогорку көрсөткүчү, кардарлардын – юридикалык жана жеке жактардын орчундуу өсүшү, накталай эмес төлөмдөр боюнча рыноктук үлүштүн жогорулашы – бул «РСК Банк» ААКнын профессионалдуу командасынын кадамдап жасаган иштеринин натыйжалары.

Берилген мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен ар тараптуу көрсөткөн колдоосу жана ишеними үчүн Акционерге, биздин ишкер өнөктөштөрүбүзгө жана Банктын кардарларына чоң ыраазычылык билдирүүгө жана ушул жетишкендиктер менен эле токтоп калбастан, жаңы бийик максаттарды коюуну жана аларга жетүүгө умтулууну баардыгыңыздарга каалап кетүүгө уруксат этиңиздер! «РСК Банк» ААКнын алдына коюлган баардык стратегиялык маселелерди биз биргелешип чечүүгө жетишебиз деп мен бекем ишенем!

Ошондой эле, алардын абдан жакшы жүргүзгөн иштери, профессионалдуулугу жана Банктын стратегиялык максаттарын колдонуу менен иштегендиги үчүн Дирекциянын атынан Банктын кызматкерлерине ыраазычылык билдиргим келет. Ушулардын баардыгы биригип, бизге коомчулуктун, Акционердин, өнөктөштөрдүн жана кардарлардын жыргалчылыгын өнүктүрүү стратегиясын колдонуу менен келечекке ишенимдүү кароого бизге мүмкүндүк берет.

Чын дилимден ийгиликтерди жана өркүндөп өсүүнү каалап,
Терең урматоо менен,
«РСК Банк» ААКнын Башкы директору

**Р.Ж. Акматбеков**

РСК БАНК

# «РСК БАНК» ААКНЫН ПОРТРЕТИ

«РСК БАНК» ААК ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ,
БАНКТЫН МИССИЯСЫ, КОРРЕСПОНДЕНТ-БАНКТАР,
ОКУЯЛАР ХРОНОЛОГИЯСЫ



«РСК Банк» ААК кардарлар үчүн ар дайым ачык жана заманбап банктык продукттарды жана кызматтардын баардык түрлөрүн сунуш кылуу менен өтө татаал суроо-талаптарга да жооп берүүгө даяр. Ар кандай категориядагы кардарларды тейлөөнүн жогорку деңгээли, мезгил сынагынан өткөн ишенимдүүлүгү, менеджменттин мыкты профессионализми, иштеги оперативдүүлүгү, ошондой эле өзүнүн жеке саясатын түзүү жана ишке ашыруу учурунда мамлекеттик кызыкчылыктарды эсине алууга өзгөрүүсүз умтулуусу, «РСК Банк» ААКнын жылдан жылга жакшы финансылык жыйынтыктарды көрсөтүүсүнө мүмкүндүк берет.

КАРДАРЛАР: 15 000 АШЫК ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАР ЖАНА 286 000 ЖАКЫН ЖЕКЕ ЖАКТАР

«РСК Банк» ААК – бул мамлекеттик экономикалык саясаттын финансылык жолчусу катары чыга турган жана республиканын бүтүндөй аймагындагы ар кандай категориядагы кардарлардын банктык кызматтарга жетүүсүн камсыз кыла турган, корпоративдик жана жеке кардарлардын ишенимдүү өнөктөшүнүн ролун аткара турган, жалпы улуттук масштабдагы банк. Банктын тарыхы 1996-жылдан тартып башталган жана бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын абдан туруктуу жана ишенимдүү банктарынын бири болуп саналат.

КЫРГЫЗСТАНДЫН БААРДЫК РАЙОНДОРУНДА 51 ФИЛИАЛ ЖАНА 53 КОШУМЧА КЕҢСЕЛЕР.

15 миңден ашык юридикалык жактар жана 286 миңге жакын жеке жактар РСК Банктын кардарлары болуп саналышат. Банк банктык продукттардын кеңири багытын, анын ичинде депозиттик продукттарды, корпоративдик каржылоонун ар кандай түрлөрүн, керектөөчүлүк насыялоо, банктык карталарды тейлөө жана эсептешүү операцияларын сунуш кылат. Бүгүнкү күндө, «РСК Банк» ААКнын кызматтары менен түз эле Банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн гана колдонбостон, республиканын бүтүндөй аймагы боюнча терминалдык жана банкоматтык тор аркылуу да, соода-сатык түйүндөрүндө да колдонууга болот.

Банктын кеңири филиалдык тору, Кыргыз Республикасынын баардык райондорунда, анын ичинде эң алыскы аймактарында да, 51 филиалдардан жана 53 кошумча кеңселеринен (аманаттык жана көчмө кассаларынан) турат.

УЛУТТУК КАПИТАЛЫ МЕНЕН БОЛГОН ЖАЛГЫЗ БАНК, VISA INTERNATIONAL ЭЛ АРАЛЫК СИСТЕМАСЫНЫН ПРИНЦИПАЛДУУ МҮЧӨСҮ

СЫЙЛЫКТАРЫ: «ЗОЛОТАЯ КОРОНА» СИСТЕМАСЫНЫН СЕРВИСТЕРИН КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА ЭҢ ИРИ ТОРУ, «ФОНДДУК РЫНОКТУН ЛИДЕРИ», «ЖЫЛДЫН ЭМИТЕНТИ», «ЖЫЛДЫН МЫКТЫ БАНКЫ», «ЖАҢЫЧЫЛЫК ЖАНА МАСШТАБ» ДИПЛОМУ.

«РСК Банк» ААК өзүнүн күчтөрүн, туруктуу комиссиялык кирешени генерациялоочу, кирешелүү бизнести өнүктүрүүгө гана топтобостон, мамлекеттик саясаттын жолчусу катары (2003-жылдын апрель айынан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү акциялардын пакетинин 100 пайызына ээ) жана негизги мамлекеттик мекемелердин (КРдин Борбордук Казыналыгы жана Социалдык Фонду) Агент-Банк катары бюджеттик агымдарды тейлөөгө жана ишенимдүүлүгүнө жана ачык-айкындыгына, тазалыгына өзгөчө көңүл бөлөт.

Банк сапаттуу кызматтарга болгон баардык кардарлардын муктаждыктарын канааттандырууга умтулат. Банк, аманатчылардын, кардарлардын жана Акционердин кызыкчылыктарында, элдин жана юридикалык жактардын тартылган каражаттарын натыйжалуу жайгаштырууга чакырылган.

Өз ишин 1997-жылы баштаган «Алай Кард» төлөм карталар системасында накталай эмес эсептешүүлөр системасын ишке киргизүү боюнча долбоору, көрсөтүлө турган кызматтар тармагын кеңейтүү жана жетилтүү менен пластикалык карталар рыногунда бүгүнкү күндө басымдуу позицияны бекем кармап турат.

2009-жылдан тартып «РСК Банк» ААК Visa International Эл аралык төлөм системасынын принципиалдуу мүчөсү болуп калды жана бүгүнкү күндө улуттук капиталы менен болгон «РСК Банк» ААК ушул системада принципиалдуу мүчөнүн статусун алган жалгыз банк болуп саналат.

Пластикалык бизнести өнүктүрүү, “Кыргыз Республикасынын рыногунда «Золотая Корона» системасынын сервистерин көрсөтүүнүн эң ири тору” Диплому менен РСК Банктын сыйланышы менен өзгөчө маанилүү болду. Жыл сайын өткөрүлүүчү «Фонддук рыноктун лидери» деген конкурс-рейтингдин чегинде 2009-жылдын жыйынтыктары боюнча «РСК Банк» ААК «Жылдын эмитенти» номинациясында биринчи орунду ээлеген. 2011-жылы Банк «Золотая Корона» карталары боюнча жүгүртүүлөрдүн өсүшү үчүн «Золотая Корона» ЖАКнын Ардактуу сыйлыгына татыктуу болгон жана ошол эле жылы белгилүү АКИ-Пресс Интернет – порталында жана «Infox *1200» сурап-билүү кызматынын «Жылдын мыкты Банкы» номинациясында Интернет добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча анын жеңүүчүсү болуп калган. 2012-жылы Банкка Финансылык Технологиялар Борбору тарабынан (Россия) «Новатордук жана масштаб» номинациясындагы диплом берилген.

«Алай Кард» төлөм карталарын кармоочу-кардарлардын санынын туруктуу өсүшү, банктык кызматтардын рыногунда Банктын туура тандалып алынган маркетингдик саясаты жана заманбап банктык продукттардын активдүү ишке киргизилиши, түзүмдүк бөлүмдөрдүн материалдык-техникалык жактан туруктуу жабдылышы жана кызматкерлердин квалификациясынын туруктуу жогорулатылып тургандыгы тууралуу күбөлөндүрүп турат.

## ДҮЙНӨНҮН 100ДӨН АШЫК ӨЛКӨЛӨРҮНӨ ЭСЕП АЧПАСТАН АКЧА КОТОРУУ КЫЗМАТТАРЫ

«РСК Банк» ААК «Кыргыз Трансфер» жана SWIFT системалары менен катар: «Золотая Корона», «Быстрая Почта», «Money Gram», «Юнистрим», «Migom», «Western Union», «Лидер» жана «Contact» системалары боюнча 100дөн ашык өлкөлөргө эсеп ачпастан акча которуу кызматтарын көрсөтөт.

2006-жылдан бери Банк, Шанхай кызматташтык уюмунун чегинде, Шанхай Кызматташтык Уюмунун Банктар аралык Биримдигинин толук укуктуу мүчөсү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын банктык кызыкчылыктарын коргой турган банк катары РСК Банкка негизги банк-агенттин ролу берилген, бул «РСК Банк» ААК үчүн мындан да динамикалуу өсүшүнө мүмкүндүк ачты.

2009-жылдан тартып «РСК Банк» ААК, аны менен бирге өзүнүн кардарларынын аманаттарын сактоого кепилдикти камсыз кылуу менен Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо системасынын катышуучусу болуп саналат.

2008-жылы «Эсептешүү-сактык компаниясы» ААК расмий түрдө «РСК Банк» ААК болуп кайрадан аталган, 2011-жылдын 21-июлунда «РСК Банк» өзүнүн фирмалык аталышын – брендин Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Патенттик Кызматында каттады.

## УНИВЕРСАЛДУУ СИСТЕМАЛЫК БАНК

«РСК Банк» ААК бүгүнкү күндө универсалдуу системалык банк болуп саналуу менен Кыргыз Республикасынын банктык системасында татыктуу орунду ээлөө менен өзүнүн алдына төмөнкүдөй максаттарды коет:

- Кыргызстандын бүтүндөй аймагында банктык системанын туруктуу иштөөсүн, элдин аманаттарын сактоо жана Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнө көмөктөшүү менен аларды реалдуу секторго инвестициялоону камсыз кылуу менен ар бир кардардын, анын ичинде жеке, корпоративдик жана мамлекеттик кардардын жогорку сапаттагы жана ишенимдүү банктык кызматтарга болгон керектөөсүн канааттандырууга.

- Активдердин сапатынын жогорку стандарттарына, капиталдын жана ликвиддүүлүктүн деңгээлине, бирдиктүү команданын мүчөлөрүнө сыяктуу кызматкерлерге калыс мамиле жасоо принцибине таянуу менен кирешелүү иштөө жана акылман башкаруу жолу менен Банктын акционеринин капиталдык салымынын наркын көбөйтүүнү камсыз кылууга.

РСК БАНК

# 2012-ФИНАНСЫЛЫК ЖЫЛДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ



«РСК Банк» ААК 2012-жылдын ичинде иш аракеттеринин натыйжалуулук жана ишенимдүүлүк көрсөткүчтөрүн жогорулатуу, кирешенин булактарын диверсификациялоо үчүн максималдуу күчтөрүн жумшады жана кардардык базаны көбөйтүү боюнча керектүү иш чараларды жүргүздү. Банктын финансылык саясаты, экономиканын алдыңкы тармактарын өнүктүрүүгө гана көмөктөшпөстөн, чакан жана орто бизнестин субъектилерине, жеке жактарга колдоо көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын экономикалык потенциалын бекемдөөгө көмөктөштү.

Координацияланган иш чаралардын жана пландуу иштеринин натыйжасында «РСК Банк» ААК ресурстук базасынын көбөйүшүнүн, юридикалык жана жеке жактардын насыялык портфелинин өсүшүнүн, насыялык портфелдин сапатынын жакшыруусунун эсебинен, 2012-жылдын жыйынтыктары боюнча жогорку кирешелүүлүктү көрсөттү.

Мамлекеттик бюджетти каржылоо, төлөм системасын колдоо жана мамлекеттик төлөп берүүлөр системасында үзгүлтүктөрдү болтурбоо, юридикалык жана жеке жактарды эсептик-кассалык жактан тейлөөгө карата муктаждыктарды канааттандыруу жана алардын аманаттарынын сакталышын камсыз кылуу, чакан жана орто бизнес субъекттерин каржылоо, микрофинансылык уюмдарды дүң насыялоо үчүн ички жана тышкы рыноктордо ресурстарды мобилизациялоо жана башкалар сыяктуу маселелерди чечүүдө Банктын ролун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн Банктын натыйжалуу иш аракеттеринин орчундуу стратегиялык мааниси бар.

2012-жылдын жыйынтыктарын чыгаруу менен отчеттук мезгил үчүн Банктын иш аракеттеринин жетишкендиктери, негизги финансылык көрсөткүчтөрдүн туруктуу өсүшүн камсыз кылуу боюнча Банктын пландуу саясатын тузүү жана иштетүү учурунда мамлекеттик кызыкчылыктарды да эске алууга өзгөрүүсүз умтулуусунун натыйжасы болуп санала тургандыгын ишенимдүү түрдө белгилеп кетүүгө болот. Негизги максаттарды жана маселелерди ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруу менен «РСК Банк» ААК өлкөдө ишкердик активдүүлүктүн өсүшүнө жана инвестициялык потенциалды жогорулатууга көмөктөшө турган ишенимдүү, туруктуу өнүгө турган рентабелдүү банктык системаны түзүүгө көмөктөштү.

Консервативдүү, салмактанып өлчөнгөн саясатка таянуу менен «РСК Банк» ААК башкаруунун натыйжалуу механизмдерин жана кадамдап өнүгүү стратегиясын иштеп чыкты, бул профессионалдуу финансылык институттун бекем кадыр-баркына, кардарлардын ишенимдүү өнөктөшү болууга жетишүү менен ишенимдүү жана динамикалуу өнүгүүгө мүмкүндүк берди.

2012-жылы «РСК Банк» ААК мурдагы жылдарга салыштырганда, өнүгүүнүн бийик динамикасы менен айырмаланды, ошол эле учурда Банк өзү түзүлгөн мезгилден тартып иш-аракеттерин чыгашасыз жүргүзүп келет. 2012-жыл үчүн иш-аракеттеринин масштабдарын Банк ийгиликтүү диверсификациялап, жана кеңейте алды жана операциялык иш-аракеттеринин натыйжалуулугун орчундуу түрдө жогорулатты. Ошентип, 01.01.2013-ж. карата абалы боюнча «РСК Банк» ААКнын кошулган активдери 10,8 млрд. сомду түздү, 2012-жылдын башталышына салыштыруу боюнча өсүш 949 млн. сомду түздү. 2012-жылдын ичинде кирешелүү активдердин өсүшүнүн динамикасы негизинен Банктын ресурстук базасынын көлөмүнүн көбөйүшү менен шартталды.

«РСК Банк» ААКнын депозиттик базасынын көлөмү 2012-жылдын аягына карата 7,4 млрдга ашык сомду түздү, б.а. 2012-жылдын башталышына жана аягына карата маалыматтарга салыштырганда 802 млн. сомго көбөйдү. Банктын депозиттик базасынын өсүшү, депозиттердин бардык түрлөрүнүн көбөйүшү менен камсыз болду, бул учурдагы иштин негизи жеке жактардын (талап б-ча төлөнүүчү жана

мөөнөттүү) депозиттери болуп саналды, бул аманатчылардын банкка болгон ишениминин деңгээлин чагылдырат.

Отчеттук жылдын ичинде Банктын депозиттик саясатынын негизги маселеси, мамлекеттик жана корпоративдик кардарлардын эсебинен, ошондой эле салынган каражаттардын өсүшүн жана топтолушун камсыз кыла турган ликвиддүүлүк, кирешелүүлүк жана ишенимдүүлүккө карата кардарлардын талаптарына туура келген, аманаттардын натыйжалуу формаларын тандоо мүмкүндүгүн Банк аманатчыларга берүү жолу менен элдин аманаттарын сактоонун жана инвестициялардын активдүүлүгүн стимулдаштыруунун эсебинен, депозиттик базанын оптималдуу көлөмүн жана түзүмүн колдоо болуп саналгандыгын белгилей кетүү керек.

Таза, ачык-айкын иш-аракеттер, туруктуулук жана Банк тарабынан кабыл алынган милдеттемелердин өз убагында аткарылышы, Банктын кардардык базасынын туруктуу өсүшү үчүн өбөлгө түздү. 2012-жыл үчүн Банктын кардардык базасы 75 миң бирдикке көбөйдү жана 2012-жылдын аягында 301 миңден ашык кардарды түздү. Бул өсүш негизинен жеке кардарлардын эсебинен болду – талап боюнча төлөнүүчү эсептери бар аманатчылардын саны чекене бизнести өнүктүрүү боюнча Банктын активдүү иш-аракеттерин тастыктайт.

Бардык категориядагы кардарлдарды тейлөөнүн сапатын андан ары жакшыртуу менен иш-аракеттердин негизги артыкчылыгын сактоо менен 2012-жылы «РСК Банк» ААК, атаандаштыктын өсүшү менен коштолгон, финансылык рыноктордогу кирешелүүлүктүн төмөндөшүнө карабастан, финансылык жыйынтыктарды орчундуу түрдө жогорулатууга жетишти.

2012-жыл үчүн Банктын кирешелеринин жалпы суммасы, 2011-жылдын ага окшош көрсөткүчүнөн 285 млн. сомго ашуу менен 1 518 млн. сомду түздү. Кирешелердин өсүшү, пайыздык кирешелердин, ошондой эле операциялык кирешелердин көбөйүшүнөн камсыз болду. Кирешелердин түзүмүндөгү пайыздык кирешелер 25,0% жогорулады жана 1 044 млн. сомду түздү, операциялык кирешелердин өсүшү 19,1% же абсалюттап алганда 76 млн. сомду түздү.

2012-жылдын ичинде активдерди жана пассивдерди башкаруу учурунда Банктын негизги максаты болуп, ресурстарды оптималдуу тартуу жана тобокелдиктердин деңгээлин минималдаштыруу менен аларды максималдуу жайгаштыруу болуп саналды. Активдерди жана пассивдерди натыйжалуу башкаруунун жыйынтыгында Банктын таза пайыздык кирешеси отчеттук мезгил үчүн 639 млн. сомду түздү.

Отчеттук мезгил үчүн «РСК Банк» ААКнын иш-аракеттери өсүү тенденциясында болду, ага жараша, рентабелдүүлүктүн көрсөткүчтөрүнүн жогорулашына таасирин тийгизди. Ошентип, кирешелерди тартуу жана чыгашаларды оптималдаштыруу боюнча натыйжалуу иштердин жыйынтыгында 2012-жыл үчүн Банктын таза кирешеси 233 млн. сомду түздү.

Ошентип, «РСК Банк» ААК өзүнүн негизги маселелерин ийгиликтүү ишке ашыруу менен 2012-жылдын жыйынтыктары боюнча, өлкөдө ишкердик активдүүлүктүн өсүшү жана инвестициялык потенциалды жогорулатуу үчүн өбөлгө түзүүчү, ишенимдүү жана туруктуу өнүгүүдөгү банктык системаны түзүүгө көмөктөшүү менен өлкөнүн финансылык рыногунда лидердик позицияны бекем кармап калды. 2012-жылдын жыйынтыктары боюнча «РСК Банк» ААК, кошулган активдеринин өлчөмү боюнча, депозиттик базанын, насыялык портфелдин жана жеке капиталынын өлчөмү боюнча банктык ренкингдин үч лидеринин катарына кирет; таза кирешенин көлөмү боюнча – Банк төртүнчү позицияны, жана филиалдык тору боюнча биринчи позицияны ээлейт.

## Активдер




## Таза киреше




## Насыялык портфель




## Депозиттик база



**Борбордук кеңсе:**




Кыргызстан, Бишкек ш.,
Жаш Гвардия бул., 38А
тел.: +996 (312) 65-67-46
факс: +996 (312) 65-01-52

**Кошумча кеңсе:**




Кыргызстан, Бишкек ш.,
Жаш Гвардия бул., 37А

**Маалымат-бирүү кызматы:**

РСК› БАНК

тел.: +996 (312) 911-111
Электрондук почтанын дареги:
info@rsk.kg

**Алай Кард пластикалык карталар системасынын тейлөө Борбору:**




Бишкек ш., Чүй пр., 261
тел.: +996 (312) 65-03-85

**Реквизиттери:**

«РСК Банк» Ачык акционердик коому
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, 1996-жылдын 25-июлу, №033,
2008-жылдын 3-октябры, №033/1 - Лицензиялары
Юридикалык жана почталык дареги: 722010, Бишкек ш., Жаш Гвардия бул., 38а
КРдин Улуттук Банкындагы корр.эсеп: 1010126049501012
БИК: 129001
ИНН: 02907199610193
УККН: 999

## Корреспондент-банктар:



РСК БАНК

# КОРПОРАТИВДҮҮ БАШКАРУУ

«РСК БАНК» ААКНЫН БАШКАРУУ
ОРГАНДАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ



«РСК Банк» ААК, башкаруунун заманбап системасын куруугa, чечимдерди кабыл алуунун жана түзүмдөрдүн иштеринин жөнгө салынышынын оперативдүүлүгүн жогорулатууга багытталган, корпоративдүү башкаруунун эл аралык стандарттарын сактап колдонууга умтулат.

«РСК Банк» ААКнын корпоративдүү башкаруу системасы көп деңгээлдүү түзүмдөн турат, анын ар бир деңгээли Банктын иш-аракеттеринин өзүнчө багыттарына жооп берет. Акционерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын колдоонун сөзсүз түрдөгү артыкчылыгы менен катар «РСК Банк» ААКнын корпоративдүү башкаруу системасы кардарлардын, инвесторлордун, коомчулуктун жана Банктын иш-аракеттерине кызыккан баардык адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылат.

### Акционерлердин Жалпы Жыйыны

Акционерлердин Жалпы Жыйыны Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «РСК Банк» ААКнын Уставы тарабынан аныкталган, Банктын иш-аракеттеринин маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу укугу менен башкаруучу жогорку орган болуп саналат.

### «РСК Банк» ААКнын Директорлор Кеңеши

Директорлор Кеңеши Акционерлердин Жалпы Жыйынында шайланат, Банктын өнүгүү стратегиясын аныктай турган, башкаруучу орган болуп саналат жана Банк тарабынан жүргүзүлө турган саясатка жооп берет.

Директорлор Кеңеши өзүнүн иш-аракеттеринде Банктын негизги максаттарын жана кызыкчылыктарын жетекчиликке алат.

### «РСК Банк» ААКнын Дирекциясы

Банктын Дирекциясын Директорлор Кеңеши шайлайт - Банктын күндөлүк иш-аракеттеринге жетекчилик жүргүзө турган коллегиалдуу аткаруу органы.

Банктын Дирекциясынын компетенциясына, Банктын Жалпы Жыйынынын жана Директорлор Кеңешинин түздөн түз компетенциясын түзбөгөн, башка бардык маселелер кирет.

### «РСК Банк» ААКнын Ревизиялык комиссиясы

Ревизиялык комиссия акционерлердин жыйынында шайланат жана Банктын финансылык-чарбалык иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзөт.

РСК БАНК

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАНКТЫК СЕКТОРУНУН ӨНҮГҮШҮНҮН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАНКТЫК СЕКТОРУНДА «РСК БАНК» ААКНЫН ПОЗИЦИЯСЫ.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАНКТЫК СЕКТОРУНДА
«РСК БАНК» ААКНЫН ПОЗИЦИЯСЫ



## АЙМАКТАРДАГЫ КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКТАРДЫН ФИЛИАЛДАРЫНЫН 22% АШЫК ФИЛИАЛДАР «РСК БАНК» ААКГА ТААНДЫК

2012-жылдын ичинде коммерциялык банктар системасынын иш аракеттери, кирешенин өсүшү, тартылган депозиттердин, таза насыялардын көлөмүнүн жана суммардык капиталдын позитивдүү тенденцияларын бекемдөө менен аныкталды. Оң учур болуп, өлкөнүн экономикасынын ар кандай тармактарын насыялоонун көлөмдөрүнө жагымдуу таасирин тийгизген, пайыздык чендердин уланган төмөндөшү да саналат.

Отчеттук мезгил, өлкөнүн банктык системасында реформаларды тереңдетүүнүн кезектеги этабы болуп калды, коммерциялык банктар тарабынан экономикалык иш-аракеттердин субъектилерин банктык кызматтардын кеңири спектри менен камсыз кылуу үчүн иш чаралардын комплекси жүргүзүлдү.

01.01.13-ж. карата абалы боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 23 коммерциялык банктар (анын ичинде: банктык операцияларды жүргүзүүгө карата 13.11.2012-ж. лицензия алган, “Бай-Түшүм жана Партнерлор» МФБ ЖАК, ошондой эле аларда консервация режими жүргүзүлүп жаткан «Манас Банк» ЖАК, «КыргызКредит Банк» ААК, «Ысык-Көл» ИБ ААК), коммерциялык банктар-резиденттердин 278 филиалдары иштейт. Аймактардагы коммерциялык банктардын филиалдарынын 22% ашык филиалдар «РСК Банк» ААКга таандык экендигин белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын кошулган көлөмү 01.01.13 г.[1] карата абалы боюнча, анын ичинде 3,6 млрд. сом (36%дан көбүрөөк) чет элдик капиталдын катышуусу менен 9,8 млрд. сомду түздү. 2012-жыл үчүн банктык системанын кошулган активдери 29% өстү, алардын көлөмү отчеттук мезгилдин аягында 87 млрд-дан ашык сомду түздү. Депозиттик база 31%га (12,0 млрд. сомго) көбөйдү жана 50 млрд. сомду түздү. Банктык системанын депозиттик базасынын чоңоюшу, улуттук валютадагы депозиттердин 39,5% (7,6 млрд. сомго) өсүшүнө жана чет элдик валютадагы депозиттердин 22,4% (4,3 млрд. сомго) өсүшүнө байланыштуу жүрдү.

1 КРУБнын маалыматтары колдонулду. Булагы: КРУБнын №12/2012-ж. Бюллетени.

## 2012-ЖЫЛ ҮЧҮН БАНКТЫН ТАЗА КИРЕШЕСИ 233 МЛН. СОМДУ ТҮЗДҮ

Ушул эле учурда, 2012-жыл үчүн банктык системанын көрсөткүчтөрүнүн динамикасынын өзгөрүшү, анын ичинде “Бай-Түшүм жана Партнерлор» МФБ ЖАКнын көрсөткүчтөрүнүн таасири менен да байланыштуу экендигин белгилей кетүү керек, себеби 2011-жыл үчүн банктык системанын иш аракеттеринин көрсөткүчтөрү “Бай-Түшүм жана Партнерлор» МФБ ЖАК эсепке алынбастан көрсөтүлгөн.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыктары боюнча банктык системанын таза кирешесинин көлөмү 2 418 млн. сомду түздү.

Банктык сектордун өнүгүшү, республикадагы макроэкономикалык абалдын туруктуулугу, экономиканын жана акчалык-насыялык саясаттын өнүгүшүндө дисбаланстардын жоктугу, Кыргыз Республикасынын экономикасына жана банктык секторуна тышкы «шоктордун» таасири менен тыгыз байланыштуулугун да белгилей кетүү керек.

2012-жылдын жыйынтыктары боюнча «РСК Банк» ААК өлкөдөгү ишенимдүү жана туруктуу банктын кадыр-баркын дагы бир жолу тастыктады. 2012-жыл үчүн «РСК Банк» ААКнын иш-аракеттеринин натыйжалуулугу, иш-аракеттеринин негизги көрсөткүчтөрүнүн: кошулган активдердин, насыялык портфелдин, депозиттик базанын жана жеке капиталынын өсүшүн тастыктайт. 2012-жыл үчүн Банктын таза кирешеси 233 млн. сомду түздү. 2012-жыл үчүн Банктын кардардык базасы 301 миңден ашык кардарды түздү.

РСК БАНК

# ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ БАШКАРУУ



НАСЫЯЛЫК, РЫНОКТУК ТОБОКЕЛДИКТЕР ЖАНА ЛИКВИДДҮҮЛҮК ТОБОКЕЛДИГИ КОМИТЕТТЕР (КУАП, КК, ККА) СИСТЕМАСЫ МЕНЕН БАШКАРЫЛАТ

«РСК БАНК» ААКНЫН ТОБОКЕЛДИКТЕРИН БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ БҮТҮНДӨЙ БАНКТЫК МЫЙЗАМДАРДЫ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРЫН, ЖАНА БАНКТЫК КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА БАЗЕЛЬ КОМИТЕТИНИН КӨРСӨТМӨЛӨРҮН ТОЛУК САКТАП КОЛДОНУУНУ ЭСЕПКЕ АЛУУ МЕНЕН ТҮЗҮЛӨТ

Банктардын иш-аракеттеринин процессинде жарала турган тобокелдиктерди өз убагында идентификациялоого, алдын алууга жана минималдаштырууга мүмкүндүк бере турган тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу системасы болбосо, банктык бизнестин туруктуу иштеши жана өнүгүшү мүмкүн эмес.

Бүгүнкү күндө банктык тобокелдиктерди башкаруу «РСК Банк» ААК үчүн анын иш-аракеттеринин негизги багыттарынын бири болуп саналат. Тобокелдиктерди башкаруу системасынын негизги максаты, өзүнүн стратегиялык маселелерине ылайык Банк тарабынан аныкталган деңгээлде, ошондой эле тобокелдүү абалдарынын жаралышына жол бербөө, алдын ала эскертүү жана минималдаштыруу максатында, анын иш-аракеттеринин процессинде жарала турган, өзүнө кабыл алына турган тобокелдиктерди колдоо болуп саналат.

Тобокелдиктерди башкаруунун негизги усулдары, мониторинг системасы, лимиттер системасы, толук ыйгарым укуктар жана чечимдерди кабыл алуу системасы, кризис абалдарда иш чаралардын комплекси (стресс-тестирлөө, ГЭП анализдер), көзөмөлдөө системасы, тобокелдиктин алдын алуу жана минималдаштыруу болуп саналат.

Тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу системасын камсыз кылуу үчүн «РСК Банк» ААКда тийиштүү нормативдик документтер иштелип чыкты жана банктык тобокелдиктин ар бир түрүнө карата башкаруу приницroutптери аныкталды. Тобокелдиктерди башкаруу боюнча саясаттар жана жол-жоболор, тобокелдикти аныктоого, баалоого, көзөмөлдөөгө, талдоого, мониторинг жүргүзүүгө, ошондой эле тобокелдиктин деңгээлин төмөндөтүү үчүн керектүү кошумча чараларга максатталып багытталган.

Тобокелдиктерди башкаруу, Банктын операциялык иш-аракеттеринин орчундуу элементи болуп саналат. Өзүнө баалык тобокелдикти камтыган рыноктук тобокелдик, пайыздык чендердин өзгөрөшүнүн тобокелдиги жана валюталык тобокелдик, ошондой эле насыялык тобокелдик, ликвиддүүлүк тобокелдикти жана операциялык тобокелдик негизги тобокелдиктер болуп саналат, алар менен Банк өзүнүн иш-аракеттерин жүргүзүү процессинде кездешет.

Банктын тобокелдиктерди башкаруу системасы өзүнө төмөнкүлөрдү камтый турган ар кандай даражаларды камтыйт: Директорлор Кеңешин, Аудит боюнча Комитетин, Тобокелдиктерди башкаруу Комитетин, «РСК Банк» ААКнын Дирекциясын, ички Комитеттерди, ошондой эле Банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн жана кызматкерлерин камтыйт.

Насыялык, рыноктук тобокелдиктер жана ликвиддүүлүк тобокелдиги Комитеттер (КУАП, КК, ККА) системасы тарабынан башкарылат жана так чектелген системасы менен чечимдерди кабыл алуу жолу менен көзөмөлдөнөт.

«РСК Банк» ААКнын тобокелдиктерин башкаруу системасы бүтүндөй банктык мыйзамдарды, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын ченемдик-укуктук актыларын, жана банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин көрсөтмөлөрүн толук сактап колдонууну эсепке алуу менен түзүлөт.

РСК БАНК

# ТЕРРОРИЗМДИ КАРЖЫЛООГО ЖАНА КЫЛМЫШ ЖОЛУ МЕНЕН АЛЫНГАН КИРЕШЕЛЕРДИ АДАЛДАШТЫРУУГА (ЧЫГАРЫП КЕТҮҮГӨ) КАРШЫ ИШ-АРАКЕТТЕР БОЮНЧА ИШ ЧАРАЛАРДЫ ИШТЕТҮҮ МАКСАТЫНДА «РСК БАНК» ААКНЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИ



Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) каршы иш-аракеттер, бул эл аралык коомчулуктун көңүлүнүн борборунда турган эң орчундуу проблемалардын бири болуп саналат.

Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) каршы иш-аракеттерди жүргүзүү максатындагы Банктын иш-аракеттеринин негизги максаты болуп, терроризмди каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштыруу (чыгарып кетүү) менен байланыштуу мыйзамсыз операцияларды жүргүзүү үчүн колдонула турган курал катары Банкты колдонууга жол бербөө болуп саналат.

Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) каршы иш-аракеттер боюнча Банктын иш-аракеттеринин колдонуудагы ченемдик-укуктук документтердин талаптарына, көзөмөлдөөчү органдардын көрсөтмөлөрүнө жана терроризмди каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) каршы иш-аракеттер боюнча туура келтирүү максатында төмөнкү иш чаралар иштетилди:

- чечимдерди кабыл алуу боюнча кызматкер жактардын толук ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин, жактардын жана терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) каршы иш-аракеттер боюнча процесске тартылган түзүмдүк бөлүмдөрдүн ортосундагы өз ара иш-аракеттердин жана отчетуулуктун тартибин түзө турган, Банкта ички көзөмөлдү уюштуруу;

- Банк тарабынан кардарларды идентификациялоо, верификациялоо жана изилдөө;

- террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге (терроризмди же экстремизмди каржылоо) алардын катышкандыгы жөнүндө ишенимдүү маалыматтар бар болсо, жеке жана юридикалык жактардын операцияларын токтотуу;

- милдеттүү көзөмөлдөөгө жаткан операцияларды кардардын иш-аракеттеринен табуу, жана кардар тууралуу маалыматты жана/же «ПФТ/ОД жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, кардар тарабынан терроризмди каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштыруу (чыгарып кетүү) жүргүзүлгөндүгүнүн негизделүүсүн тастыктоо же күмөндөрдү жокко чыгаруу үчүн кардардын операциясын текшерүү;

- кардар тарабынан ага окшош операциялардын жүргүзүлгөндүгүнүн негизделүүсүн тастыктоо же күмөндөрдү жокко чыгаруу үчүн күмөндүү операциялардын белгилери бар операцияларды кардардын иш-аракеттеринен табуу;

- ички көзөмөл жүргүзүү учурунда алынган маалыматты документалдуу каттоо жана сактоо;

- ички көзөмөл жүргүзүү учурунда алынган маалыматтын жашыруундуулугун камсыз кылуу;

- терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) байланышкан тобокелдиктерди баалоо;

- терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдаштырууга (чыгарып кетүүгө) каршы иш-аракеттер жана ПФТ/ОД боюнча мыйзамдарына ылайык, бир катар башка иш чаралар чөйрөсүндө Банктын кызматкерлерин окутуу.

РСК БАНК

# ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК БОЮНЧА АУДИТОРДУК КОРУТУНДУ



## 2012-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОШУЛГАН КИРЕШЕ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

(миң сом менен)

| | Эскер-түүлөр | 2012-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2012-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 4 | 1,043,833 | 835,061 |
| Пайыздык чыгашалар | 4 | (404,475) | (298,147) |
| **АЛАР БОЮНЧА ПАЙЫЗДАР ЭСЕПТЕЛЕ ТУРГАН, АКТИВДЕРДИН АРЗАНДАП КЕТИШИНЕ КАРАТА, РЕЗЕРВДЕРДИ ТҮЗҮҮГӨ ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | | 639,358 | 536,914 |
| Алар боюнча пайыздар эсептеле турган активдердин арзандап кетишине карата резервди калыбына келтирүү/(түзүү) | 5 | 2,426 | (40,581) |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | | 641,784 | 496,333 |
| Киреше же чыгаша аркылуу калыс наркы боюнча чагылдырыла турган финансылык милдеттемелер боюнча таза киреше | 6 | 35,106 | 50,010 |
| Чет элдик валюта менен операциялар боюнча таза киреше | 7 | 64,993 | 33,255 |
| Тейлөө кызматтар боюнча кирешелер жана алынган комиссиялар | 8 | 371,192 | 309,666 |
| Тейлөө кызматтар боюнча чыгашалар жана төлөнгөн комиссиялар | 8 | (18,004) | (8,583) |
| Башка кирешелер | | 2,886 | 5,227 |
| ПАЙЫЗДЫК ЭМЕС ТАЗА КИРЕШЕЛЕР | | 456,173 | 389,575 |
| ОПЕРАЦИЯЛЫК КИРЕШЕЛЕР | | 1,097,957 | 885,908 |
| ОПЕРАЦИЯЛЫК ЧЫГАШАЛАР | 9 | (832,825) | (689,219) |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН КИРЕШЕ** | | 265,132 | 196,689 |
| Башка операциялар боюнча, алардын арзандап кетишине карата резервдерди түзүү | 5 | (3,486) | (2,492) |
| САЛЫК САЛЫНГАНГА ЧЕЙИНКИ КИРЕШЕ | | 261,646 | 194,197 |
| Кирешеге карата салык боюнча чыгашалар | 10 | (28,281) | (23,843) |
| **ЖЫЛ ҮЧҮН ТАЗА КИРЕШЕ** | | 233,365 | 170,354 |
| Кирешеге карата калтырылган салыкты алып салуу менен, сатуу үчүн бар болгон, инвестициялардын калыс наркынын таза өзгөрүүсү | | (7,387) | 13,363 |
| КОШУЛГАН КИРЕШЕ, БААРДЫГЫ | | 225,978 | 183,717 |
| АКЦИЯГА БАЗАЛЫК КИРЕШЕ (СОМДОР) | 25 | 93,79 | 85,68 |

## 2012-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

(миң сом менен)

| | Эскер-түүлөр | 2012-жылдын 31-декабры | 2011-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы акча каражаттар жана эсептер | 11 | 2,384,946 | 2,159,592 |
| Банктардагы каражаттар | 12 | 903,584 | 1,080,558 |
| Кайтарылуучу РЕПО б-ча макулдашуулар | 15 | 23,532 | 108,305 |
| Карларларга берилген ссудалар | | 4,218,166 | 3,395,103 |
| Карларларга берилген насыялар жана каражаттар боюнча РППУ | | (154,969) | (157,395) |
| Карларларга берилген ссудалар, нетто | 13 | 4,063,197 | 3,237,708 |
| Сатуу үчүн болгон инвестициялар | 14 | 2,236,279 | 1,255,788 |
| Төлөөгө чейин кармала турган инвестициялар | 14 | 440,547 | 1,422,235 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 16 | 635,539 | 489,994 |
| Сатуу үчүн дайындалган узак мөөнөттүү активдер | 17 | 11,665 | 8,015 |
| Башка активдер | 18 | 90,409 | 78,419 |
| Активдер, бардыгы | | 10,789,698 | 9,840,614 |
| **МИЛДЕТТЕМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| **МИЛДЕТТЕМЕЛЕР:** | | | |
| Кирешелер же чыгашалар аркылуу калыс наркы боюнча чагылдырыла турган финансылык милдеттемелер | 19 | 44,195 | 23,258 |
| Банктардын каражаттары | 20 | 1,435,508 | 1,168,473 |
| Кардарлардын каражаттары | 21 | 7,414,721 | 6,960,299 |
| Кирешеге карата салык боюнча милдеттемелер | 10 | 25,975 | 25,533 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин насыясы | 22 | 298,203 | 143,819 |
| Башка милдеттемелер | 23 | 87,737 | 91,497 |
| Милдеттемелер, бардыгы | | 9,306,339 | 8,412,879 |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 24 | 1,244,018 | 1,244,018 |
| Сатуу үчүн болгон инвестицияларды кайра баалоо б-ча резерв | | 5,976 | 13,363 |
| Бөлүштүрүлбөгөн киреше | | 233,365 | 170,354 |
| Капитал, бардыгы | | 1,483,359 | 1,427,735 |
| **МИЛДЕТТЕМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ, БАРДЫГЫ** | | 10,789,698 | 9,840,614 |

## 2012-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

(миң сом менен)

| | Уставдык капитал | Бөлүштүрүл-бөгөн киреше | Сатууга жарактуу инвестицияларды кайра баалоо б-ча резерв | Капитал, бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| **2010-жылдын 31-декабры** | 844,018 | 80,140 | | 924,158 |
| Кадимки акцияларды чыгаруу | 400,000 | | | 400,000 |
| Бир жыл үчүн кошулган киреше, баардыгы | | 170,354 | 13,363 | 183,717 |
| Төлөнүп берилген дивиденддер | | (80,140) | | (80,140) |
| **2011-жылдын 31-декабры** | 1,244,018 | 170,354 | 13,363 | 1,427,735 |
| Бир жыл үчүн кошулган киреше, баардыгы | | 233,365 | (7,387) | 225,978 |
| Төлөнүп берилген дивиденддер | | (170,354) | | (170,354) |
| **2012-жылдын 31-декабры** | 1,244,018 | 233,365 | 5,976 | 1,483,359 |

## 2011-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

(миң сом менен)

| | 2012-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2011-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ** | | |
| Салык салынганга чейинки киреше | 261,646 | 194,197 |
| **Түзөтүүлөр:** | | |
| Насыялардын баасынын түшүшүнөн боло турган чыгашаларга резервдерди түзүү/(калыбына келтирүү) | (2,426) | 40,581 |
| Сатууга дайындалган активдердин баасынын түшүшүнө карата боло турган чыгашаларга резервдерди түзүү/(калыбына келтирүү) | 2,054 | (907) |
| Башка операциялар боюнча баанын түшүшүнө карата резерв түзүү | 1,432 | 3,399 |
| Сатуу үчүн болгон, инвестициялар боюнча пайыздык киреше | (288,002) | (43,960) |
| Төлөөгө чейин кармала турган инвестициялардан пайыздык киреше | (138,923) | (260,902) |
| Эскирүү жана амортизация | 63,364 | 49,153 |
| Негизги каражаттардын чыгышынан (киреше)/чыгаша | (580) | 888 |
| Чет элдик валютаны кайра баалоодон иштетилбеген киреше | (2,639) | (13,176) |
| Пайыздар боюнча эсептөөлөрдөгү таза өзгөрүү | 16,025 | 41,715 |

## 2012-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ (УЛАНДЫСЫ)

(миң сом менен)

| | 2012-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2011-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| Операциялык активдердин жана милдеттемелердин өзгөрүшүнө чейин операциялык иш-аракеттерден акча каражаттардын (агып чыгышы)/кириши | (88,049) | 10,988 |
| Операциялык активдердин жана милдеттемелердин өзгөрүшү: | | |
| **Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азайышы:** | | |
| Loans to clients | (786,569) | (1,001,790) |
| Repurchase agreements | 84,658 | (108,305) |
| Long-term assets for sale | (5,704) | 3,966 |
| Other assets | (11,401) | (13,819) |
| Операциялык милдеттемелердин (көбөйүшү)/азайышы: | | |
| Кирешелер же чыгашалар аркылуу калыс наркы б-ча чагылдырыла турган финансылык милдеттемелер | 20,937 | 112 |
| Банктардын каражаттары | 242,503 | 375,642 |
| Кардарлардын каражаттары | 408,040 | 1,797,789 |
| РЕПО макулдашуулар | | (200,000) |
| Башка милдеттемелер | (5,465) | 46,277 |
| Салык салынганга чейин операциялык иш-аракеттерден акча каражаттардын агып (чыгышы)/кириши | (141,050) | 910,860 |
| Кирешеге салык, төлөнгөн | (27,839) | (14,338) |
| Операциялык иш-аракеттерден акча каражаттардын таза агып кириши/агып чыгышы | (168,889) | 896,522 |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (209,286) | (167,061) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн пайда | 957 | |
| Сатуу үчүн болгон, инвестицияларды сатып алуу | (1,334,119) | (3,394,599) |
| Сатуу үчүн болгон, инвестицияларды төлөөдөн акчалардын келип түшүүлөрү | 634,243 | 4,274,924 |
| Төлөөгө чейин кармала турган, инвестицияларды сатып алуу | (3,831,020) | (1,845,792) |
| Төлөөгө чейин кармала турган, инвестицияларды төлөөдөн акчалардын келип түшүүлөрү | 4,940,515 | 533,168 |

## 2012-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ (УЛАНДЫСЫ)

(миң сом менен)

| | 2012-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2011-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| Инвестициялык иш-аракеттерден акча каражаттардын таза агып кириши/(чыгышы) | 201,290 | (599,360) |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | |
| Дивиденддерди төлөө | (170,354) | (80,140) |
| Кадимки акцияларды чыгаруу | | 400,000 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин насыясы | 161,620 | 139,899 |
| Финансылык иш-аракеттерден акча каражаттардын таза (агып чыгышы)/агып кириши | (8,734) | 459,759 |
| Акча каражаттарга жана сомго жана алардын эквиваленттерине карата карата чет элдик валюталардын курсунун өзгөрүшүнүн таасири | 24,713 | (17,603) |
| АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА КӨБӨЙҮШҮ | **48,380** | **739,318** |
| АКЧА КАРАЖАТТАР ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жылдын башында | **3,240,150** | **2,500,832** |
| АКЧА КАРАЖАТТАР ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жылдын агында | **3,288,530** | **3,240,150** |

2012-жылдын 31-декабрында бүткөн жылдын ичинде Банк тарабынан төлөнгөн жана алынган пайыздардын суммасы 394,525 миң сомду жана, ага жараша, 1,049,908 миң сомду түздү.

2011-жылдын 31-декабрында бүткөн жылдын ичинде Банк тарабынан төлөнгөн жана алынган пайыздардын суммасы 280,336 миң сомду жана, ошондой эле 858,965 миң сомду түздү.

## ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК ТУУРАЛУУ КОРУТУНДУ

Биз, «РСК Банк» Ачык акционердик коомунун (мындан ары «Банк») 2012-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча өзүнө камтыган финансылык абалы тууралуу отчетун, ошондой эле ушул датага карата бүткөн жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар тууралуу отчетун, кошулган кирешелер тууралуу отчетун, капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчетун жана акча каражаттардын кыймылы тууралуу отчетун, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги принциптерин жана башка түшүндүрмөлөрүн ачуу камтылган, корутундуга тиркеле турган ушул финансылык отчеттуулукка аудит жүргүздүк.

### Финансылык отчеттуулук үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги

Ушул финансылык отчеттуулукту Эл аралык стандарттарга ылайык даярдоо жана аны ишенимдүү берүү үчүн, ошондой эле талаптагыдай эмес иш-аракеттердин же ката кетирүүлөрдүн аркасында орчундуу бурмалоолор камтылбаган, жана жетекчи керек деп эсептеген финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн ички көзөмөлдөө системасын түзүүгө жетекчилик жоопкерчиликте болот.

### Аудиторлордун жоопкерчилиги

Биздин жоопкерчилик, биз тараптан жүргүзүлгөн аудиттин негизинде ушул финансылык отчеттуулуктун ишенимдүүлүгү тууралуу биздин ой-пикирибизди билдирүүдөн турат. Биз бул аудитти, Аудиттин Эл аралык Стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар, аудиторлор тарабынан этикалык талаптарды милдеттүү түрдө колдонууну, ошондой эле ушул финансылык отчеттуулукта орчундуу бурмалоолор камтылбагандыгы тууралуу жетиштүү түрдөгү ишеним алуу үчүн аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Аудит, сандык көрсөткүчтөрдү жана финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүнө карата аудитордук далилдерди алуу үчүн керектүү жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Жол-жоболорду тандоо, аудитордун профессионалдуу ой-жүгүртүүсүнөн, анын ичинде талаптагыдай эмес жасалган иш-аракеттердин же ката кетирүүлөрдүн аркасында финансылык отчеттуулукту орчундуу түрдө бузуу тобокелдиктерди баалоодон негизделет. Ушундай тобокелдиктерди баалоо, ошондой кырдаалдарда колдонула турган аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, финансылык отчетуулукту даярдоо жана анын ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн ички көзөмөлдөө, бирок ички көзөмөлдөө системасынын натыйжалуулугу тууралуу ой-пикирди билдирүү үчүн гана эмес, ички көзөмөлдөө системасын карроону да камтыйт. Ошондой эле, аудит, эсепке алуу саясатынын колдонула турган ойдогудай мүнөздөгү баалоону жана жетекчилик тарабынан жасалган жол берүүлөрдүн негиздүүлүгүнүн баалоосун, ошондой эле берилген бүтүндөй финансылык отчеттуулуктун баалоосун камтыйт.

Биз тараптан алынган аудитордук далилдер, ушул финансылык отчеттуулук тууралуу ой-пикирибизди билдирүү үчүн жетиштүү жана тийиштүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

### Ой-пикир

Биздин оюбуз боюнча, финансылык отчеттуулуктар «РСК Банк» Ачык акционердик коомунун 2012-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча финансылык абалынын бардык орчундуу аспектилерин ишенимдүү, ошондой эле ушул датага карата бүткөн жыл үчүн анын иш-аракеттеринин жана акча каражаттардын кыймылынын жыйынтыктары Финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандарттарына ылайык чагылдырылган.

Deloitte.

*«Делойт жана Туш» ЖЧК*
*Турусбеков көч., 109/1*
*bishkek@deloitte.kg*
*т.: 996 (312) 39 40 80*

*2013-жылдын 19-марты, Кыргыз Республикасы, Бишкек.*

РСК БАНК

# ТИРКЕМЕ

РСК БАНК БӨЛҮМДӨРҮ ЖАНА АМАНАТ КАССАЛАР БОЮНЧА МААЛЫМАТ

## «РСК Банк» ААКнын филиалдары жана аманат кассалары тууралуу маалыматтар

(01.01.2013-ж. абалы боюнча)

| Филиалдын/аманат кассанын аталышы | | Дареги |
|---|---|---|
| **Бишкек ш.** | | |
| 1 | Бишкек филиалы | Бишкек ш., Киев көч., 77 |
| 2 | Октябрь филиалы | Бишкек ш., Москва көч., 78/1 |
| **Чүй областы** | | |
| 3 | Чүй филиалы | 722160, Бишкек ш., Фрунзе пр., 338 |
| 4 | Беловодск филиалы | 722040, Беловодск а., Ленин көч, 57 |
| 5 | Кемин филиалы | 722230, Кемин а., Н.Бозоев көч., 4 |
| 6 | Ивановка филиалы | 722222, Ысык-Ата, Григорий Ильин көч, 154 |
| 7 | Кайыңды филиалы | 722026, Кайыңды, Октябрдын 60 жылдыгы көч., 1а |
| 8 | Кант филиалы | 725000 Кант ш., Ленин көч., 68а |
| 9 | Жайыл филиалы | 724409 Кара-Балта ш., Жайыл Батыр көч., 257 |
| 10 | Сокулук филиалы | 724800 Сокулук а., Ленин көч., 109 |
| 11 | Токмок филиалы | 724909 г. Токмок ш., Ленин көч., 308 |
| **Ысык-Көл областы** | | |
| 12 | Ысык-Көл филиалы | 722200 Каракол ш.,Токтогул көч., 271 |
| 13 | Балыкчы филиалы | 722300 Балыкчы ш., Кулакунов көч., 86 |
| 14 | Бөкөнбаев филиалы | 772300 Бөкөнбаев а., Б. Мамбетов көч., 43 а |
| 15 | Кызыл-Суу филиалы | 722400 Кызыл Суу а., Манас көч., 115 |
| 16 | Теплоключенко филиалы | 721800 Теплоключенко а., Ленин көч., 156 |
| 17 | Түп филиалы | 722330 Түп а., Элебаев көч, 67 |
| 18 | Чолпон-Ата филиалы | 722100 Чолпон-Ата ш., Совет көч, 22 |
| **Талас областы** | | |
| 19 | Талас филиалы | 722720 Талас ш., Бердике батыр көч., 198 |
| 20 | Кара-Буура филиалы | 722700 Кызыл-Адыр а., Кыргызстандын 50 жылдыгы көч., 6 |
| 21 | Бакай-Ата филиалы | 722726 Бакай-Ата а., Манас көч., 96 |
| 22 | Манас филиалы | 722706 Покровка а., Киров көч., 9 |
| **Нарын областы** | | |
| 23 | Нарын филиалы | 722600 Нарын ш., Жамгырчы уулу Абас көч., 6 |
| 24 | Ат-Башы филиалы | 722600 Ат-Башы а., Чатыр-Көл көч., 210 |
| 25 | Ак-Талаа филиалы | 722640 Баетов а., Манас көч., 36/3 |
| 26 | Кочкор филиалы | 722500 Кочкор а., Исакеев көч., 33а |
| 27 | Чаек филиалы | 722700 Жумгал р-н, Чаек а., Э. Матыев көч., 112/а |
| **Жалал-Абад областы** | | |
| 28 | Жалал-Абад филиалы | 715680 Жалал-Абад ш., Ленин көч., 43 |
| 29 | Сузак филиалы | 715650 Сузак а., Юбилейная көч., 27 |
| 30 | Ала-Бука филиалы | 715720 Ала-Бука а., Ленин көч., 33д |
| 31 | Базар-Коргон филиалы | 715633 Базар-Коргон а., Б. Осмонов көч., 53 |
| 32 | Казарман филиалы | 722660 Казарман шаарчасы, Кожалиев көч., 83 |
| 33 | Каныш-Кыя филиалы | 715727 Каныш-Кыя а., Токтогул көч., 3 |
| 34 | Кербен филиалы | 715700 Кербен ш., Үмөталиев көч., 149 |
| 35 | Ноокен филиалы | 715620 Масы а., Токтогул көч., 4 |
| 36 | Токтогул филиалы | 715680 Токтогул шаарчасы, Исралиев көч., 1 |
| 37 | Майлуу-Суу филиалы | 721100 Майлуу Суу ш., Тынчтык көч., 64 |

| Филиалдын/аманат кассанын аталышы | | Дареги |
|---|---|---|
| **Ош областы** | | |
| 38 | Ош филиалы | 714018 Ош ш., Курманжан Датка көч., 124 а |
| 39 | Араван филиалы | 715320 Араван а., Б. Айдаров көч., 3 |
| 40 | Гүлчө филиалы | 715300 Гүлчө а., Ленин көч., 115 |
| 41 | Чон-Алай филиалы | 715311 Дарооткоргон а., Ч.Сулайманов көч., 97 |
| 42 | Кара-Кулжа филиалы | 715547 Кара-Кулжа а.,Ч.Пазылов көч., 26 |
| 43 | Кара-Суу филиалы | 715500 Кара-Суу ш., Ленин көч., 75а |
| 44 | Ноокат филиалы | 715330 Эскиноокат ш., Ленин көч, 1 |
| 45 | Өзгөн филиалы | 723600 Өзгөн а., Манас көч., н/ж |
| 46 | Ош - Борбору филиалы | 714018 Ош ш., Курманжан Датка көч., 250 «а» |
| **Баткен областы** | | |
| 47 | Баткен филиалы | 720100 Баткен ш., Т.Садыков көч., 5 |
| 48 | Исфана филиалы | 720400 Исфана а., Ленин көч., 28 |
| 49 | Кадамжай филиалы | 715211 Пульгон а., А. Жалилов көч., 5 |
| 50 | Кызыл-Кыя филиалы | 715200 Кызыл-Кыя ш., 1-к\р-н, 9а |
| 51 | Сүлүктү филиалы | 720500 Сүлүктү ш., Раззаков көч., 44 |
| **Октябрь филиалынын аманат кассалары** | | |
